# Акча-кредиттик көрсөткүчтөрдүн 2015-жылдын январь-май айларындагы динамикасы

2015-жылдын январь-май айларында экономиканын өсүш арымы (УСКнын алдын ала маалыматтары боюнча) 6,9 пайызды түзгөн (2014-жылдын январь-май айларында – 4,1 пайыз), “Кумтөр” алтын казып алуу ишканаларын эске албаганда, реалдуу ички дүң өнүмү (ИДӨ) 3,9 пайызга (2014-жылдын январь-май айларында – 3,8 пайызга) өскөн.

Өтүп жаткан жылдын май айында инфляция жылдык мааниде алганда 6,0 пайыз чегинде катталган (2014-жылдын май айында – 7,4 пайызды); базалык инфляция 7,8 пайызды түзгөн (2014-жылдын май айында – 7,4 пайыз).

Жыл башынан бери АКШ долларынын сомго карата расмий курсу 1 АКШ доллары үчүн 1,3 пайызга төмөндөп, 58,1472 сомду түзгөн (2014-жылдын январь-май айларында 5,8 пайызга өскөн).

2015-жылдын январь-май айларында акча базасы 58,1472 сомду түзүү менен 3,9 пайызга кыскарган (2014-жылдын январь-май айларында – 3,8 пайызга), анын ичинде жүгүртүүдөгү акча башка депозиттик корпорацияларынын камдары 2,5 пайызга көбөйгөн шартта, 4,7 пайызга азайган.

2015-жылдын май айынын акырына карата абал боюнча акча базасынын түзүмү төмөнкүчө чагылдырууга болот:

- жүгүртүүдөгү акчанын үлүшү 87,8 пайызды түзгөн;
- башка депозиттик корпорацияларынын камдарынын үлүшү 12,2 пайызды түзгөн.

Башка депозиттик корпорацияларынын камдарынын түзүмүндө милдеттүү камдар жыл башынан бери 7 011,4 млн сомду түзүү менен 4,8 пайызга көбөйгөн, үстөк камдар 570,8 млн сомго чейин төмөндөгөн (2014-жылдын январь-май айларында милдеттүү камдар 8,8 пайызга өскөн, ал эми үстөк камдар 85,2 пайызга төмөндөгөн).

Акча базасынын кыскарышы, Улуттук банктын операциялар менен шартталган, алар 2015-жылдын январь-май айларында акча базасын 5,1 млрд. сомго кыскарткан. Өкмөттүн операциялары тескерисинче, акча базасын 2,6 млрд. сомго көбөйткөн

2015-жылдын январь-май айларында акча базасына эң башкысы, Улуттук банктын төмөнкү операциялары таасир эткен:

- валюта интервенциялар акча базасын 7,3 млрд. сомго азайткан;
- кредиттик аукциондор – январь-май айларында берилген каражаттардын дүң көлөмү 1 250,0 млн сомду түзгөн;
- ички рынокто алтынды сатып алуу – 172,3 млн сомго азайткан.

Улуттук банк ошондой эле январь-май айларында арылтуу операцияларын (ачык рынокто операцияларды жүргүзүү жана “овернайт” депозиттери) ишке ашырган, алардын орточо күндүк көлөмү 1,2 млрд сомду түзгөн.

2015-жылдын январь-май айларында таза чет өлкө активдери эң башкысы, таза эл аралык камдарынын 5 201,1 млн сомго кыскарышынын эсебинен 4,6 пайызга (же 4 795,5 млн сомго) азайган. Валюта портфелине курстук кайра баа берүү таза эл аралык камдардын кыскарышынын негизги себебинен болгон.

Өтүп жаткан жылдын январь-май айларында дүң эл аралык камдар доллар эквивалентинде 1 887,5 млн АКШ долларын түзүү менен 71,1 млн АКШ долларына азайган.

2015-жылдын январь-май айларында таза ички активдер 2 304,3 млн. сомго көбөйгөн. Капитал эсептеринин валюта курстарынын жана баалуу металлга баалардын өзгөрүүсүнө байланыштуу чет өлкө валютасындагы активдерди жана алтынга кайра баа берүүгө байланыштуу 9 822,6 млн сомго көбөйүшү таза ички активдердин өсүшүнө салыш кошкон. Таза ички активдердин төмөндөөсүнө эң башкысы, Россия-Кыргыз өнүктүрүү фондусун капиталдаштыруу үчүн каражаттардын келип түшүүсү жана Өкмөттүн депозиттеринин өсүшү (Россия-Кыргыз өнүктүрүү фондусунун каражаттарын эске албаганда) менен байланыштуу ички кредиттердин 5 255,2 млн сомго азайышы негизги салымды кошкон.

**Акча топтомдорунун өзгөрүүсү**

Банктардан тышкаркы нак акчадан жана улуттук валютадагы[1] депозиттерден турган *М2 акча топтому* 2015-жылдын январь-май айларында 76 541,9 млн сомду түзүү менен 7,1 пайызга (2014-жылдын январь-май айларында – 4,0 пайызга) азайган.

Өтүп жаткан жылдын январь-май айларында кеңири мааниде колдонулуучу М2Х акча массасы 121 104,9 млн сомду түзүү менен 2,8 пайызга азайган, бул эң башкысы, башка депозиттик корпорацияларынын улуттук валютадагы депозиттеринин 13,1 пайызга 26 492,8 млн сомго чейин кыскарышы менен шартталган (2014-жылдын январь-май айларында М2Х 1,7 пайызга көбөйгөн).

М2Х акча массасынын түзүмүн төмөнкүчө чагылдырууга болот:

- банктардан тышкаркы нак акчанын үлүшү – 41,3 пайыз (2014-жылдын 1-июнуна карата – 48,9 пайыз);
- улуттук валютадагы депозиттердин үлүшү – 21,9 пайыз (2014-жылдын 1-июнуна карата – 23,6 пайыз);
- чет өлкө валютасындагы депозиттердин үлүшү – 36,8 пайыз (2014-жылдын 1-июнуна карата – 27,5 пайыз).

Чет өлкө валютасындагы депозиттер 44 563,1 млн сомду түзүү менен 5,7 пайызга өскөн. Алмашуу курсунун таасирин эске албаганда – 6,6 пайызга, улуттук валютадагы депозиттер 13,1 пайызга 26 492,8 млн сомго чейин кыскарган. Натыйжада, депозиттердин жалпы көлөмү 2015-жылдын январь-май айларында 71 055,8 млн сомду түзүү менен 2,2 пайызга кыскарган (2014-жылдын январь-май айларында 6,4 пайызга өскөн).

М2Хте камтылган депозиттердин долларлашуу деңгээли өтүп жаткан жылдын май айынын акырына карата жыл башындагы деңгээлге салыштырганда 4,7 пайыздык пунктка көбөйүү менен 62,7 пайызды түзгөн.

*Экономикага кредит*[2] 2015-жылдын январь-май айларында 88 347,7 млн сомду түзүү менен 7,5 пайызга, ал эми алмашуу курсунун таасирин эске албаганда – 8,1 пайызга өскөн (2014-жылдын январь-май айларында экономикага кредит тиешелүүлүгүнө жараша 18,7 жана 14,9 пайызга өскөн).

2015-жылдын январь-май айларында банк тутумунун таза чет өлкө активдери 98 937,6 млн сомду түзүү менен 9 652,0 млн сомго (8,9 пайызга) азайган.

2015-жылдын май айынын акырына карата банк тутумунун таза ички активдери 6 212,5 млн сомго (38,9 пайызга) көбөйүү менен 22 167,3 млн сомду түзгөн.

Улуттук банк Башкармасынын чечимине ылайык, май айынын акырына карата эсептик чен 9,50 пайыз деңгээлде белгиленген (2015-жылдын апрель айынын акырына карата деңгээлге салыштырганда 150 пайыздык пунктка төмөндөтүлгөн). Ушуга байланыштуу, “овернайт” кредиттери жана депозиттери боюнча пайыздык коридордун жогорку жана төмөнкү чектери ар бири 200 пайыздык пунктка төмөндөтүлүп, тиешелүүлүгүнө жараша 12,00 жана 3,00 пайыз деңгээлде белгиленген.

2015-жылдын май айынын акырына карата жүгүртүү мөөнөтү 7 күндүк ноталар кирешелүүлүгү 9,50 пайызды түзгөн.

Финансылык ортомчулук деңгээлин мүнөздөгөн М2Х кеңири мааниде колдонулуучу акча мультипликатору 2015-жылдын 1-июнуна карата 1,954, М2 мультипликаторунуку – 1,235 чегинде катталган (2014-жылдын 1-июнуна карата – тиешелүүлүгүнө жараша 1,748 жана 1,268).

Май айынын акырына карата М2Х акча топтому боюнча эсептелинген экономиканы монетизациялоо коэффициенти 29,3 пайызды, М2 акча топтому боюнча – 19,6 пайызды (2014-жылдын май айынын акырына карата – тиешелүүлүгүнө жараша 31,9 жана 23,5 пайызды түзгөн).

---

[1] Өкмөттүн жана резидент эместердин депозиттерин эске албаганда, жеке адамдардын, юридикалык жактардын жана башка финансы-кредит мекемелеринин депозиттери.
[2] Өкмөттүн жана резидент эместердин кредиттерин эске албаганда, жеке адамдарга, юридикалык жактарга жана башка финансы-кредит мекемелерге кредиттер.

## Акча жүгүртүү ылдамдыгы

Байкалып жаткан экономикалык өсүштүн алкагында экономикада акча массасынын көлөмүнүн кыскарышына байланыштуу, акча жүгүртүү ылдамдыгы өтүп жаткан жылдын баш жагындагы деңгээлге салыштырганда 0,1 пайызга өсүп, май айынын акырына карата 3,4 пайызды түзгөн (M2X боюнча).

Улуттук банктын кассасына 2015-жылдын январь-май айлары ичинде 24 731,1 млн сом келип түшкөн, 2014-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 5 108,8 млн сомго же 17,1 пайызга азайган, ал эми берүүлөр 5 251,6 млн сомго же 19,2 пайызга азайып, 22 049,1 млн сомду түзгөн.

Коммерциялык банктардын кассаларына 2015-жылдын январь-май айлары ичинде 379 034,7 млн сом келип түшкөн, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 18 735,7 млн сомго же 5,2 пайызга көбөйгөн, ал эми берүүлөр 18 644,2 млн сомго же 5,2 пайызга көбөйүп, 378 537,3 млн сомду түзгөн.

Төлөм системасында 2015-жылдын январь-май айларында системада орун алган финансылык тобокелдик деңгээли минималдуу деңгээлде сакталган. Май айынын акырына карата жүгүртүү коэффициенти 0,32, ликвиддүүлүк коэффициенти – 3,14 түзгөн.